**Кыргыз Республикасынын 2022-жыл үчүн республикалык бюджетинин аткарылышынын аудитинин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын отчетунда жана сунуштамаларында көрсөтүлгөн бузууларды жана кемчиликтерди четтетуу боюнча Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин иш-чаралар планы**

| № | Иш-чаралар | Ишке ашыруу мөөнөтү | Жоoптуулар | Аткарылышы |
|---|---|---|---|---|
| | **Сунуштама: Борбордук аппараты** | | | |
| 1 | 1. Фонддун каражаттарын маалыматтык-коммуникациялык технологиялар жана байланыш чөйрөсүндө илимий-техникалык, инновациялык ишти камсыздоого пайдалануунун артыкчылыктуулугу каралсын.<br><br>2. “Акылдуу шаар” долбоорунун “Коопсуз шаар” компонентин ишке ашыруунун алкагында фото жана видео фиксациялоонун адистештирилген аппараттык-программалык комплекстеринин туруктуу иштеши камсыз кылынсын. | 2024-жыл | ФЭПБ<br><br>ИТӨБ, СМБДЭБ, ФЭПБ | **Аткаруу.** Фонддун каражаттарын маалыматтык-коммуникациялык технологиялар жана байланыш чөйрөсүндө илимий-техникалык, инновациялык ишти камсыздоого пайдалануу боюнча эске алынып иш үстүндө каралууда.<br><br>2. Учурда Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 18-сентябрындагы ПЖ № 265 “Акылдуу шаар” долбоорунун “Коопсуз шаар” компонентин ишке ашыруунун маселелери жөнүндө” Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги (мындан ары текст боюнча Министрлик) он күндүк мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин карамагына “Коопсуз шаар” автоматташтырылган маалыматтык системасы өткөрүп берилди. |
| | **Калкты катто департаменти** | | | |
| 2 | 3. Жашыруун мүнөздөгү иши үчүн айлык акысына үстөк акы катары акча каражатын негизсиз чегерген кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын жана мындан ары Кыргыз Республикасынын Министрлер | 2024- жыл | ФЭПБ, Калкты каттоо департаменти | **Аткаруу.** Азыркы учурда Департаменттин кызматкерлерине жумушунун жашыруун мүнөзү үчүн үстөк акы төлөнбөйт. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Кабинетинин 2023-жылдын 2-майындагы №238 токтому менен бекитилген “Жумушу мамлекеттик сырларга байланышкан жарандардын кызмат маяналарына пайыздык үстөктү төлөө тартиби жана шарттары жөнүндө” Нускамасы жетекчиликке алынсын.<br>4. Кызматчыларды ээлеген кызматынан бошотууда Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине жана Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызматы жөнүндө” Мыйзамынын талаптары жана тартиптери кылдат жетекчиликке алынсын.<br>5. Кызматчыларды кызмат орундарынан бошотуунун мыйзамдуулугун жана мыйзамсыздыгын аныктоо боюнча сот органдары аркылуу териштирүүдө, ал териштирүүдө оң чечим чыгарылбаган учурда, төмөнкү инстанциядагы сот органдарынын чечимдерине карата апелляциялык тартипте жогору турган инстанциядагы сот органдарына чейин милдеттүү түрдө даттанылсын.<br>6. Кыргыз Республикасынын “Сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 9-беренесинин талаптарын сактоо максатында сынактык тооруктарды өткөрүүдө жумуштун жана кызмат көрсөтүүнүн баасына (наркына) талдоо жана мониторинг жүргүзүү боюнча иш күчөтүлсүн. | | | 4. Департаменттин кызматкерлерин иштен бошотуда Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актылары сакталууда.<br>5. Эске алынды. Кызмат орундарынан бошотулган Департаменттин кызматкерлери сотко кайрылган учурларда төмөнкү сот инстанцияларынын чечимдери жогору турган сот инстанциаларда даттанылат.<br>6. Департамант мамлекеттик сатып алууларды өткөрүдө бааларды такай көзөмөлдөп, мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболорун сактайт. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | **Байланыш тармагында көзөмөлдү жөнгө салуу боюнча кызматы** | | | |
| 3 | 7. Кызматкерлерге эмгек акы түзүү жана чегерүү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы № 433 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомунда белгиленген шарттарды жана талаптарды сактоо менен жүргүзүлсүн. | 2024-жыл | ФЭПБ, Байланыш тармагында көзөмөлдү жөнгө салуу боюнча кызматы | **Аткаруу.** Кызмат, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022- жылдын 1-августундагы № 433 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомунда каралган: 1) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын техникалык тейлеп иштеген кызматкерлердин кызматтык маяналарынын өлчөмдөрүн аныктоодо колдонулуучу кызматтык маяналарга эселөө коэффициенттери; 2) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын кенже тейлөөчү персоналынын кызматкерлеринин кызматтык маяналарынын өлчөмдөрүн аныктоодо колдонулуучу кызматтык маяналарга эселөө коэффициенттери; 3) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын техникалык тейлеп иштеген кызматкерлердин иштеген жылдары үчүн үстөктөрдүн өлчөмдөрү; 4) өргүүгө чыкканда эки айлык эмгек акы фондунун өлчөмүндө ден соолукту чыңдоого жөлөкпул; 5) календардык жылдын аягында эмгек акынын орточо айлык фондунун өлчөмүндө он үчүнчү эмгек акы төлөнүп жаткандыгын белгилейт. |
| | **Архив кызматынын борбордук аппараты** | | | |
| 4 | 8. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек | 2024-жыл | ФЭПБ, Архив кызматынын | **Аткаруу.** Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Бишкек санитардык эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунун 2022-жылдын 26-сентябрындагы № 176 корутундусунун жана Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Архив кызматынын жумуш |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө" токтомунун талаптарын так аткаруу менен, иш берүүчү тарабынан аттестациялык комиссия түзүү жолу менен жумушчуларды аттестациялоо уюштурулсун жана өткөрүлсүн.<br><br>9. Сүт азыктарын алууга укук берген, медициналык көрсөткүчтөргө ылайык, профсоюздук комитет менен макулдашылган жумуштардын жана кесиптердин тизмесин түзүү маселеси каралсын.<br><br>10. Санитардык нормаларга ылайык келген, муздатуучу жабдуулары менен камсыздалган жайды уюштуруу жана Архив кызматынын кызматчыларына сүт азыктарын өз убагында берүүгө жана аларды сактоого жооп берүүчү жооптуу кызмат адамын аныктоо маселеси каралсын.<br><br>11. Дебитордук карыздын суммасын азайтуу максатында тиешелүү чаралар көрүлсүн, ошондой эле капиталдык | | | орундарын аттестация жүргүзүү боюнча комиссиясынын заседаниесинин 2022-жылдын 21-ноябрындагы протоколунун негиздеринде Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Архив кызматынын № 109 буйругу 2022-жылдын 23-ноябрында кабыл алынган. Ушул буйруктун негизинде оор жумуштар жана зыяндуу же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөм белгиленет.<br><br>9. Архив кызматынын кызматчыларына сүт азыктары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 25-июнундагы № 374 токтомунун негизинде берилет. Мындан тышкары Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Архив кызматынын 2023-жылдын 22-февралындагы № 18 буйругунун негизинде Архив кызматынын кызматчыларына сүт азыктары өз убагында берилет.<br>Сут азыктарын сактоо максатында ар бир кабинеттерде муздаткычтар орнотулган.<br>10.Сут азыктарын сактоо максатында кабинеттерде муздаткычтар орнотулган. Архив кызматынын кызматчыларына сүт азыктары өз убагында берилет жана аларды сактоого жооп берүүчү жооптуу кызмат адамы каралган (Абдразаков С.).<br><br>11.Дебитордук карыздын суммасын азайтуу 2024-жылдын 9-айлык жыйынтыгында каралат |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | курулуштар боюнча аткарылган иштердин актысы Подрядчылардан өз убагында талап кылынсын.<br>Архив кызматынын Талас аймактык башкармалыгы № 01-20/87, 24.07.2024 Кол койгон: Байгазаков А.Т., 24.07.2024<br>12. “Бюджеттик каражаттар боюнча чыгашалар сметасын аткаруу тууралуу” отчеттук №2 формасы менен эмгек акы китеби боюнча чегерүү маалыматтарынын ортосундагы айырмачылыктар такталып, тийиштүү оңдоп-түзөөлөр жүргүзүлсүн.<br>Архив кызматынын Ысык-Көл аймактык башкармалыгы<br>Ысык-Көл облусунун Балыкчы шаардык мамлекеттик архивине архивдик сактоо жайын куруу боюнча Тоң районунун Бөкөнбаев айылына райондук мамлекеттик архив куруу боюнча<br>13. “Бюджеттик каражаттар боюнча чыгашалар сметасын аткаруу тууралуу” отчеттук №2 формасы менен эмгек акы китеби боюнча чегерүү маалыматтарынын ортосундагы айырмачылыктар такталып, тийиштүү оңдоп-түзөөлөр жүргүзүлсүн.<br>14. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023- жылдын 19-сентябрындагы №489 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү” Тартибинин талаптарын так аткаруу менен, аткарылган жумуштар үчүн акы төлөө, аткарылган жумуштардын актылары, ошондой эле | | | 12.Бюджеттик каражаттар боюнча чыгашалар сметасын аткаруу тууралуу” отчеттук №2 формасы менен эмгек акы китеби боюнча чегерүү маалыматтарынын ортосундагы айырмачылыктар такталып, тийиштүү оңдоп-түзөөлөр жүргүзүлдү.<br>13.“Бюджеттик каражаттар боюнча чыгашалар сметасын аткаруу тууралуу” отчеттук №2 формасы менен эмгек акы китеби боюнча чегерүү маалыматтарынын ортосундагы айырмачылыктар такталып, тийиштүү оңдоп-түзөөлөр жүргүзүлдү.<br>14. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023- жылдын 19-сентябрындагы №489 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү” Тартибинин талаптарына ылайык, аткарылган жумуштар үчүн акы төлөө, аткарылган жумуштардын актылары, ошондой эле эсеп-фактуралары берилгенден кийин жүргүзүлөт. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | эсеп-фактуралары берилгенден кийин жүргүзүлүшү камсыз кылынсын. Ысык-Көл облусунун Балыкчы шаардык мамлекеттик архивине архивдик сактоо жайын куруу боюнча Тоң районунун Бөкөнбаев айылына райондук мамлекеттик архив куруу боюнча<br>15. Кыргыз Республикасынын аймагында курулуштун продукциясынын наркын аныктоо боюнча методикалык көрсөтмөнүн 4.33- пунктунун акыркы абзацына ылайык (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2016-жылдагы 18-майындагы буйругу менен бекитилген №4-ЧУА), подряддык уюмдар менен эсептешүүдө алдын ала аныктоого мүмкүн болбогон чыгымдар үчүн 2% кармап калуу маселеси каралсын.<br>16. Стандарттык конкурстук документтердин "конкурстун катышуучуларынын нускамасына" ылайык квалификациялык талаптарды түзүүдө жана квалификациялык талаптарды иштеп чыгууда, конкурстун каралган суммасынан кем эмес аткарылган башка жумуштун көлөмдөрү боюнча, тажрыйбасын аныктаган маалыматты талап кылган пункт киргизүү маселеси каралсын.<br>17. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22- | | | 15.Кыргыз Республикасынын аймагында курулуштун продукциясынын наркын аныктоо боюнча методикалык көрсөтмөнүн 4.33-пунктунун акыркы абзацына ылайык (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2016-жылдагы 18-майындагы буйругу менен бекитилген<br>№4-ЧУА), подряддык уюмдар менен эсептешүүдө алдын ала аныктоого мүмкүн болбогон чыгымдар үчүн 2% кармалды.<br>16. Эске алынды.<br>17.Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137-б “Мамлекеттик башкаруу секторунда |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | январындагы № 1-б “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдарытарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобону бекитүү жөнүндө буйругунун талаптарына ылайык, банктык кепилдик берилген учурда келишимде көрсөтүлгөн сумманын 10% өлчөмүндө аванстык төлөм жүргүзүү маселеси каралсын.<br>18. Курулуш-монтаждык иштерди өз убагында бүтүрбөгөн учруда, келишимде көрсөтүлгөн талаптардын өлчөмүнө ылайык «Альянс Континенталь» ЖЧКнан жана “Сириус Строй” ЖЧКнан айып пул эсептелиши каралсын<br>Архив кызматынын Нарын аймактык башкармалыгы<br>19. Мамлекеттик ресурстарды натыйжалуу жана үнөмдүү пайдалануу максатында сатып алуучу уюмдардын ишинин иштешин камсыз кылууга байланышкан мамилелерди жөнгө салууда Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамдын талаптары так аткарылсын. | | | бухгалтердик эсеп жана финансылык отчет жүргүзүү боюнча жобону бекитүү жөнүндө” буйругуна ылайык, банктык кепилдик берилген учурда келишимде көрсөтүлгөн сумманын 10% өлчөмүндө аванстык төлөм жүргүзүлөт.<br><br>18. Иштин көлөмүн негизсиз жогорулаткан Подрядчи “Альянс Континенталь” ЖЧКсынын каражаттарынын эсебинен **88,4 миң сом** өндүрүлүп республикалык бюджетке 2024-жылдын сентябрь айында которулду.<br><br>19. Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын ченемдик укуктары сатып алуучу уюмдар тарабынан аткарылууда. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | **“Инфоком” мамлекеттик ишканасы** | | | |
| 5. | 20. Кыргыз Республикасынын жаранынын паспортун жана Кыргыз Республикасынын жалпы жарандык паспортун берүү (алмаштыруу) боюнча калкка көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын жогорулатуу, арыздарды туура эмес же толук эмес толтуруудан улам кайтарып берүүнүн санын азайтуу, өндүрүштүк кемчиликтерди кыскартуу максатында мамлекеттик маанидеги документтерди жана башка документтерди жекелештирүүдө өндүрүштүк кемчиликтерди кыскартуу боюнча нускаманы иштеп чыгуу маселеси каралсын. Көрүлгөн чаралар жөнүндө маалымат бир айлык мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасына берилсин. | 2024-жыл | ФЭПБ, “Инфоком” мамлекеттик ишканасы | **Аткаруу.** “Инфоком” МИнин 2023-жылдын 7-июнундагы № 87/п буйругу менен бекитилген, Мамлекеттик жекелештирүү борборунда мамлекеттик маанидеги жана башка документтерди жекелештирүүдө өндүрүштүк бракты кыскартуу боюнча нускаманын №1 тиркемесине “Инфоком” МИнин 2024-жылдын 20-июнундагы № 112/п буйругу менен өзгөртүү киргизилген. |
| | **Жазма буйрук: Борбордук аппараты** | | | |
| 6. | 1. Мурунку аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 02.11.2022-жылдагы № 01-23/216 жазма буйругунун 2, 3, 4, 5, 6 жана 7-пункуттары жана № 01-23/217 сунуштамасы толук аткарылсын. | 2024-жыл | ФЭПБ, | **Аткаруу. 6.** Бүгүнкү күндө "Инфоком" МИсинин дебитордук карызы жок. Бухгалтердик эсеп боюнча 1С. төлөм тапшырмасы, 0000002662, 03.08.2022-ж.<br>7. Бүгүнкү күндө сатып алуу аяктаган, кемчиликтери бар бланктар алмаштырылды, акыркы текшерүү иштери жүрүп жатат. Компаниянын алдында карыз жок, акыркы алмаштыруу 22-жылдын 2024-апрелинде болгон. 2024-жылдын 4-кварталынын аягына чейин аяктайт.<br>13. 08.09.2021-жылы №15751 жана 30.09.2021-жылы №17422 алынган маалымкат-билдирүүлөр менен СӨМ атайын эсебинен 3 000,0 миң сом жана 20 601,8 миң сом суммасындагы финансы каражаттары СӨМ караштуу |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | калкты каттоо департаментине өткөрүлүп берилген. 2021-жылдын акырына карата абал боюнча, атайын жөнгө салуу эсеби жабылган жана жөнгө салуу боюнча атайын бөгөттөлгөн эсеп гана калды. СӨМ караштуу калкты каттоо департаменти тарабынан паспортторду жеткирүү үчүн 1 000,0 миң сом төлөндү.<br>14. Учурда Министрлик атайын эсеп ээси эмес. Ушуга байланыштуу төлөнгөн 53,2 миң сом туумду республикалык бюджеттин кирешесине калыбына келтирүүгө мүмкүнчүлүк жок.<br>15. Маалымат үчүн айта кетсек, келишимге ылайык, "КОМСКО" компаниясы менен Корея тарап 3 млн. бланк берет:<br>- 1 900 000 акысыз негизде;<br>- 1 100 000 акы негизинде.<br>1 900,0 миң даана үй-курулуш бланктары акысыз сатылып алынды. 1 100 000 акы негизинде. Заводдогу кемчиликтерди алмаштыруу үчүн кошумча 60,000.<br>Андан кийин 1 000 000 даана бланкка кошумча келишим түзүлдү. Анын ичинен 43 000 даана заводдук никеси менен 9 061,4 миң сом суммасында (баасы 207 сом) алмаштырылган эмес. Азыркы учурда жеткирүү Жогорудагы келишимдин алкагында аяктады. Бекитилген графикке ылайык, жеткирүү жана төлөө мөөнөтү аяктады.<br>Жеткирүү аяктады, азыр акыркы текшерүү жүрүп жатат. Бүгүнкү күндө КР СӨМ тарабынан бардык милдеттемелер аткарылды. Белгилей кетсек, келишим алдын ала төлөө шарттарында түзүлгөн.<br>Бүгүнкү күндө "Инфоком" МИсинин дебитордук карызы жок. Төлөм тапшырмасы, 0000002662, 03.08.2022-ж. бухгалтердик эсеп боюнча 1С көрсөтүлгөн. көзөмөлдөн алып салууну суранабыз. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 12-январындагы № 2-т тескемеси менен бекитилген 2022-жылга Кыргыз Республикасында санариптик инфратүзүмдү башкарууну санариптештирүү жана өнүктүрүү боюнча Иш-чаралар планын аткаруу боюнча тийиштү чаралар көрүлсүн.<br>3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 24-мартындагы № 134-т тескемеси менен бекитилген 2022- жылга Иш-аракеттер планында каралган иш-чараларды өз убагында аткарууну камсыз кылбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын. | | КТИЖБ, СЧБ, КДБ, ККЭКБ, ЭПБӨБ, ЭКБ, Архив иштери боюнча сектору<br><br><br><br><br><br><br><br><br>КТИЖБ, СЧБ, КДБ, ККЭКБ | **Аткаруу**. 2022-2023-жылдарга иш-чаралардын Планында бардыгы болуп 94 пункт боюнча милдеттерди ишке ашыруу каралган, алар 162 пунктчага (иш-чараларга) бөлүнгөн:<br>2022-жылы - 96 иш-чара (59,3 %);<br>2023-жылы-55 иш-чара (33,9 %);<br>өтмө иш-чаралар, 2022-2023-жылдар – 6 иш-чара (3,7 %);<br>туруктуу негизде - 5 иш-чара (3,1 %).<br>КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылынын 12-январындагы 2-б токтомунун 2 жана 3-пункттарына ылайык:<br>– мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары квартал сайын, отчеттук мезгилдин үчүнчү айынын 25инен кечиктирбестен Кыргыз Республикасынын санариптик өнүктүрүү министрлигине (мындан ары-Министрлик) жалпылоо үчүн иш-чаралар планынын аткарылышы жөнүндө маалымат беришет;<br>- Министрлик квартал сайын, отчеттук мезгилден кийинки айдын 10унан кечиктирбестен Иш-чаралар планын аткаруунун жүрүшү жөнүндө жалпыланган маалыматты Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына берет.<br>Иш-чаралар планынын аткарылышын координациялоо максатында Министрлик тарабынан маморгандар менен 2022 – жылы – 4 жана 2023-жылы-8 кеңешмелер өткөрүлгөн.<br>Иш-чаралар планын аткаруунун жүрүшү жөнүндө акыркы жалпыланган отчет 2024-жылдын бап жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча түзүлгөн жана 9-жылдын 2024-июлунан тартып КР Президентинин Администрациясына жөнөтүлдү № 3-19/5679. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | 2022-2023-жылдардын жыйынтыгы боюнча 162 иш-чаранын:<br>1) аткарылган-125 иш-чара (77,6 %);<br>2) аткарылбаган – 36 иш-чара (22,4 %);<br>3) алынып салынган – 1 иш чара (29.2-пункт), КР Министрлер Кабинетинин 28-август 2023-жылдагы буйругу 509-б (0,6%).<br>3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 12-январындагы № 2-т тескемеси менен бекитилген 2022-жылга Кыргыз Республикасында санариптик инфратүзүмдү башкарууну санариптештирүү жана өнүктүрүү боюнча Иш-чаралар планын аткрбаган кызматкерлерди аныктоо иштери журуп жатат. |
| | **Атайын байланыш мамлекеттик ишканасы** | | | |
| 7. | 4. Эгерде ижарачы (Темиралиев Э.К.) тарабынан ижара акысын өз убагында төлөбөй коюу улантылып жатса, тиешелүү иш чаралар көрүлсүн. | 2024-жыл | Атайын байланыш мамлекеттик ишканасы | **Аткаруу**. 2023-жылдын 17 февралындагы Министрлер Кабинетинин № 90 токтомуна ылайык Атайн байланыш мамлекеттик ишканасы Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин карамагында экендигин билдирет. |
| | **Байланыш тармагында көзөмөлдү жөнгө салуу боюнча кызматы** | | | |
| 8. | 5. “Электр байланыштары жана почта байланышы кызматтарынан түшкөн киреше тууралуу отчет” №1 үлгүсү 9 жыл мурда бекитилгендигин жана ошол мезгилден бери Кыргыз Республикасынын Салык кодексине киргизилген өзгөртүүлөрдү эске алуу менен, алардын тапкан кирешеси тууралуу так жана ынанымдуу маалымат алуу үчүн, “Электр байланыштары жана почта байланышы | 2024-жыл | Байланыш тармагында көзөмөлдү жөнгө салуу боюнча кызматы | **Аткаруу.**“Электр байланыштары жана почта байланышы кызматтарынан түшкөн киреше тууралуу отчет” үлгүсүн салык органдары жана кызыкдар болгон башка мамлекттик органдар менен биргеликте сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, иш алып бararын билдирет. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | кызматтарынан түшкөн кирешеси тууралуу отчеттун" жаңы үлгүсүн салык органдары жана кызыкдар болгон башка мамлекеттик органдар менен биргеликте иштелип чыксын.<br> 6. БТКЖСКнын мурдагы Төрагасы Т.С. Калыковдун эсебинен 37,8 миң сом суммасындагы иш сапары чыгымдарды калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.<br> 7. Мөөнөтү өткөн дебитордук карыздар боюнча зарыл чаралар көрүлсүн жана төлөө графиги иштелип чыксын. Төлөө графигин түзүү тууралуу карызкорлор баш тарткан учурда, ал көрсөтүлгөн юридикалык жактардын эсебинен карыздарды өндүрүү боюнча укук коргоо органдарына кайрылуу чаралары көрүлсүн. | | | 6. 37,8 миң сом суммасындагы иш сапары чыгымы боюнча Кызматтын мурдагы төрагасынын дебитордук карызы Т.С. Калыковдун эсебинен 2024-жылдын 11-июлундагы №8 кассалык кириштөө ордери менен кайтарылып, бюджеттин кирешe бөлүгүнө төгүлдү.<br>7. Мөөнөтү өткөн дебитордук карыздарды төлөтүү, төлөө графиктерин түзүү аркылуу жана дебитордук карыздарды төлөтүү, төлөө графиктерин түзүү аркылуу жана дебитордук карыздын суммасын азайтуу максатында иш жүргүзүү улантылууда. |
| | **Архив кызматынын Ысык-Көл аймактык башкармалыгы** | | | |
| **9.** | 8. "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптарын так аткаруу менен электр энергиясына болгон 27,5 миң сом суммасындагы жашырылган дебитордук карызды ордуна коюу жана бухгалтердик жазууларды оңдоо маселеси каралсын. Ысык-Көл облусунун Балыкчы шаардык мамлекеттик архиви<br>10. Иштин көлөмүн негизсиз жогорулаткан Подрядчы "Альянс Континенталь" | 2024-жыл | | **Аткаруу.** Кыргыз Республикасынын Каржы министрлиги тарабынан Архив кызматынын Ысык-Көл региондук башкармалыгынын 2231 "Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр" беренеси боюнча чыгымдары 27,5 миң сомго азайтылган. Ысык-Көл аймактык башкармалыгынын Балыкчы шаардык мамлекеттик архиви: - иштин көлөмүн негизсиз 88,4 миң сомго көбөйткөн "Альянс Континенталь"ЖЧК подрядчынын каражаттарынан өндүрүлүүгө тийиш.<br>10. Архив кызматынын Ысык-Көл региондук башкармалыгы "Альянс Континенталь" ЖЧКнын Подрядчысынын каражаттарынан 88,4 миң сом өлчөмүндө өндүрүп алды. Кыргыз Республикасынын |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | ЖЧКсынын каражаттарынын эсебинен 88,4 миң сом өндүрүлсүн**.** | | | Эсептөө палатасынын отчету боюнча маалымат 2025-жылдын биринчи кварталында берилет. Төлөм тапшырмалары тиркелет. |
| | **“Инфоком” мамлекеттик ишканасы** | | | |
| **10.** | 11. “Инфоком” МИси төлөм системасын алуучунун пайдасына жүргүзүлгөн төлөмдөрдүн толуктугун аныктоо максатында, “Кыргыз Почтасы” ААКсы менен, төлөм системасынын оператору менен салыштыруу актысын түзүү боюнча ишти аяктоо камсыз кылынсын.<br><br>12. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Бишкек шаары Жибек-Жолу проспектиси 381 - Ибраимов көчөсү 152, ошондой эле Бишкек шаары, Жаш Гвардия бульвары №4 даректеринде жайгашкан турак жай эмес жайларды эсепке алуу үчүн, баалоо иштерин жүргүзүү камсыздалсын. | | “Инфоком” мамлекеттик ишканасы | **Аткаруу.** 11.“Кыргыз почтасы” ААКсынын Электрондук төлөмдөр мамлекеттик системасында салыктык жана салыктык эмес төлөмдөрдү кабыл алуу боюнча оператору менен 2019-жылдан 2022-жылдын 10-октябрына чейинки мезгил үчүн салыштыруу актысына кол коюлган. Салыштыруу актыларына кол коюнун жыйынтыгы боюнча “Кыргыз почтасы” ААКнын карыздары жок болуп чыккан.<br>12. боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун 2021-жылдын 1-мартындагы №97-п буйругунун 1.1. пунктуна, “Бизнес-эксперт” көзкарандысыз баалоо жана аналитика борбору” ЖЧКсынын 2023-жылдын 21-июнундагы отчётуна, “Инфоком” МИнин 2023-жылдын 11-июлундагы №112/п “Бишкек ш., Жибек-Жолу проспекти 381 дарегинде жайгашкан имараттагы турак эмес жайларды баланска кабыл алуу жөнүндө” буйругуна ылайык, наркы 192 334 000 сом болгон жай балансқа кабыл алынган. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун 2021-жылдын 1-декабрындагы №562-п буйругунун 3-пунктуна, “Бизнес-эксперт” көзкарандысыз баалоо жана аналитика борбору” ЖЧКсынын 2023-жылдын 21-июнундагы отчётуна, “Инфоком” МИнин 2023-жылдын 11-июлундагы №111/п “Бишкек ш., Жаш Гвардия проспекти 4 дарегинде жайгашкан имараттагы турак эмес жайларды |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 13. “Инфоком” МИси Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармалыгынын алдындагы “Мамлекеттик имараттар департаменти” МИсинен 15 760,3 миң сом суммасындагы дебитордук карызды өндүрүлсүн.<br><br>14. Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы тарабынан "Инфоком" МИси тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтарга тарифтерди | | | балanска кабыл алуу жөнүндө” буйругуна ылайык, наркы 111 302 000 сом болгон жай балanска кабыл алынган.<br>13. Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу “Мамлекеттик имараттар департаменти” мамлекеттик ишканасынын дебитордук карызы боюнча “Инфоком” МИ 2022-жылдын 15-сентябрында №03-01/3959 кайрылуу-катын документтердин тиркемеси менен (оңдоо курулуш иштери боюнча смета, аткарылган иштердин акты) Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасынын жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу “Мамлекеттик имараттар департаменти” мамлекеттик ишканасынын дарегине жөнөткөн, анда Бишкек ш., Чыңгыз Айтматов проспекти 1 дарегинде жайгашкан имаратты оңдоо иштерине сарпталган финансылык каражаттардын ордун толтуруу өтүнүчү айтылган. Бирок, Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы кеткен чыгымдардын ордун толтуруу үчүн финансылык мүмкүнчүлүгү жок экени тууралуу жооп берген. Өз кезегинде “Мамлекеттик имараттар департаменти” мамлекеттик ишканасы 2022-жылдын 22-декабрындагы № 01-01/1055 каты менен оңдоокурулуш иштерине байланыштуу документтердин пакети төлөм жүргүзүүсү үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу “Кыргызкурулушсервис” мамлекеттик ишканасына жөнөтүлгөнү тууралуу маалымат берген.<br>14-пункт боюнча “Инфоком” МИ Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу агенттигинин 2017-жылдын 24-июлундагы №28 буйругунун негизинде кызмат |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | монополияга каршы жөнгө салуу маселеси каралсын жана тиешелүү чечим кабыл алынсын. Жазма буйрукту аткаруунун конкреттүү мөөнөттөрүн көрсөтүү менен бекитилген иш-чаралар планы, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасына бир айлык мөөнөттө берилсин. | | | көрсөтүү чөйрөсүндө табигый жана уруксат берилген монополиянын субъекти болуп саналбайт. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын “Атаандаштык жөнүндө” Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 17-майындагы №271 “КРӨ караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттиги жөнүндө” токтомунун негизинде, аталган мамлекеттик органдын функциясына Кыргыз Республикасынын товардык рынокторунда үстөмдүк абалды ээлеген Чарба жүргүзүүчү субъекттердин мамлекеттик реестрин түзүү жана жүргүзүү кирет. Эскерте кетчү нерсе, жогоруда аталган маселени чечүү кызмат көрсөтүүлөргө тариф саясатын макулдашуу Экономика жана коммерция министрлигинин чечими менен гана аныкталат. Министрликтен жооп тиркелет. |